***УДК: 373.2.***

***Карыбек кызы Ж., Калыкова Г., Жантаев А. С.***
*Карыбек кызы Жазгүл – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Калыкова Гүлзат – мугалим, №5 К. Жакыпов атындагы орто мектеп*
*Жантаев Адилбек – ф.и.д, професоср, С. Нааматов атындагы НМУ*

# ҮЙ ТАПШЫРМАЛАРЫНА КАРАТА УЮШТУРУУЧУЛУК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ТАЛАПТАР

# ОРГАНИЗАЦИОННО-ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ТРЕБОВАНИЯ К ДОМАШНЕМУ ЗАДАНИЮ

# ORGANIZATIONAL AND PEDAGOGICAL REQUIREMENTS FOR HOMEWORK

***Аннотация.*** *Бул макалада жалпы билим берүүчү орто мектептерде окуучуларга берилүүчү үй тапшырмаларына коюлуучу уюштуруучулук-педагогикалык талаптар талдоого алынат. Авторлор үй тапшырмасынын мазмунуна жана көлөмүнө коюлуучу талаптарга көңүл бурушат. Ошондой эле окуучуларга үй тапшырмаларын берүүдө эмнелерди жасоого болбой турганын белгилешет.*

***Аннотация.*** *В данной статье анализируются организационно-педагогические требования к выполнению домашних заданий, предъявляемых учащимся общеобразовательных школ. Авторы акцентируют внимание на содержании домашнего задания и требованиях к объему. Они также указывают, чего не следует делать, давая ученикам домашнее задание.*

***Abstract.*** *This article analyzes the organizational and pedagogical requirements for homework assigned to students in general secondary schools. The authors focus on homework content and scope requirements. They also point out what should not be done when giving homework to students.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *көлөм, мазмун, мектеп, окуучу, окуу процесси, үй тапшырмасы, талап.*

***Ключевые слова:*** *объем, содержание, школа, ученик, учебный процесс, домашнее задание, требование.*

***Key words:*** *volume, content, school, student, learning process, homework, requirement.*

Билим берүү жана илим министрлигинин буйругунда билим берүү программасынын үй тапшырмасын аткарууга убакытты чоң сарптоолорду талап кылган окуу предметтери, курстары, дисциплиналары (модулдары) бир күнгө топтоштурулбоого тийиш экенин сунушталган [3].

Психологдор сабакта окуучулар маалыматты кыска мөөнөттүү эстутум менен өздөштүрүшөрүн ырасташат. Ушул эсте тутуп калуулар узак мөөнөттүү эстутумга өтүшкөнү зарыл. Бул үчүн сабакта алынган билимдерди кайталоого, бышыктоого тынч, үйдөгү жагдай-кырдаал керек. Башкача айтканда, үй тапшырмасы, үйдөн иштөө зарыл.

Үй тапшырмасын уюштуруу мектептеги окуу-тарбия процессин өркүндөтүүнүн маанилүү проблемаларынын бири. Сабакта гана үй тапшырмасын ийгиликтүү аткаруу үчүн шарттар түзүлө алат. Сабактын компоненттери, этаптары андан ары үй тапшырмасын аткаруу менен түздөн-түз байланышкан. Сабак жана андан кийинки үй тапшырмасы бирдиктүү процесс болгону абдан маанилүү [2].

Үй тапшырмаларынын мазмунуна жана көлөмүнө төмөнкү талаптарды коюуга болот:

1. Үй тапшырмасы кызыктуу болуусу кажет. Окуучулардын чарчоосу болбош үчүн, тапшырмалар бир түрдүү жана шаблондуу болбоого тийиш.
2. Өзүнүн мазмуну боюнча үй тапшырмалары сабак менен байланышта жана анын логикалык уландысы болууга, кийинки материалды окуп-үйрөнүүгө даярдануу үчүн база катары кызмат кылууга тийиш.
3. Үй тапшырмаларынын максатын, мазмунун, көлөмүн, дозасын дыкат ойлоштуруу зарыл.
4. Үй тапшырмалары түшүнүүгө жеткиликтүү жана алгылыктуу болууга тийиш, бирок алар сабакта аткарылган тапшырмаларды көчүрмөлөбөөсү абзел.
5. Үй тапшырмаларын аткарууга карата нускамалоо зарыл.
6. Үй тапшырмалары дифференцияланган болууга тийиш, алар жекече, топтук, чыгармачыл, же окуучунун тандоосу боюнча боло алышат.
7. Окуучулар аларда салыштыруу, талдоо, жалпылоо, тутумдаштыруу, классификациялоо, себептик-натыйжалык байланыштарды аныктоо, тыянактарды чыгаруу, алынган билимдерди практикада колдонуу билгичтимктерин көрсөтө алышкандай үй тапшырмаларын колдонуу зарыл.
8. Озуучу үй тапшырмаларын колдонуу керек.

9. Универсалдуу окуу иш-аракеттерин калыптандыруу үчүн, ар түрдүү булактардан маалымат издөө, документтерди кайра иштетүү жана баалоо, өзүнүн убактысын сарамжалдуу мерчемдөө менен байланышкан үй тапшырмалары зарыл [1].

10. Үй тапшырмалары сөзсүз текшерилүүгө тийиш. Үй тапшырмасын текшерүү жана баалоо – бул окуучунун жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн мотивдештирүүчү жана мобилизациялоочу фактору.

11. Үй тапшырмаларында ишмердүүлүк: ролдук, ишкер оюндар, конкурстар, мелдештер менен байланыш болууга тийиш.

Үй тапшырмасын уюштуруунун эрежелери:

- сабакта үй тапшырмасын берүү үчүн атайын орун бөлүү зарыл;
- үй тапшырмасын бардык окуучулар мугалимге көңүл бурушканда гана берүү;
- үй тапшырмасы окуучуларга да, ата-энелерге да түшүнүктүү болууга тийиш;
- үй тапшырмаларын аткаруунун алгоритми белгилүү болуусу кажет: кантип киришүү, маалыматты кайдан табуу, жазууларды кантип тариздоо керек ж.б.у.с.;
- үй тапшырмасын сөзсүз текшерүү керек.

Үй тапшырмасын уюштуруп жатып, мугалим универсалдуу окуу иш-аракеттерин калыптандырат. Аларды төмөнкүлөргө бөлүүгө болот: инсандык, жөнгө салуучулук, таанып билүүчүлүк жана коммуникациялык. Үйдөгу окуу ишмердүүлүгү учурунда окуучулар иштин максатын аныктоого, андан кийин белгилүү бир удаалаштыкты ээрчүүгө, жумуш убактысын сарамжалдуу жана майнаптуу колдонууга, оорчулуктарды жеңе алууга, пайда болгон проблемаларга жараша милдеттерди чечүү жолдорун кайра курууга, ишти логиалык аягына чейин чыгарууга, жумушчу мейкиндикти уюштура билүүгө үйрөнүшөт, муну менен окууга, өзүн өнүктүрүүгө жана өзү билим алууга болгон жоопкерчиликтүү мамиле калыптанат. Предметтин түрдүү темалары боюнча үй тапшырмасын аткарып, окуучулар таанып билүүчүлүк универсалдуу окуу иш-аракеттерин калыптандырышат.

Предмет боюнча үй тапшырмасынын максаты маалыматтвн ар түрдүү булактарын, ошондой эле интернет тармагын колдонуп, теориялык билимдерди өз алдынча алуу болуп саналат. Үй тапшырмасын уюштурууда ьелгилүү бир талаптарды сактоо зарыл:

- үй тапшырмасынын мазмуну жана мүнөзү үйрөнүлүп жаткан темадагы конкреттүү сабактын милдеттери менен аныкталуусу кажет, мында көлөмү менен мазмуну күч жетерлик болууга, ал эми ишмердүүлүктүн формасы ар түрдүү болууга тийиш;
- мугалим тигил же бул класста сабактын кайсыл этабында үй тапшырмасын берүү максатка ылайыктуу болрун мерчемдөөгө тийиш;
- үй тапшырмаларынын мазмунунда оорчулуктарды акырындык менен өстүрүү сакталганы маанилүү; окуучулар кагылыша турган мүмкүн болуучу оорчулуктарды жана аларды кантип жеңүүгө болорун ойлоштуруу зарыл;
- үй тапшырмаларынын берилиши так, кыска жана окуучуга түшүнүктүү болуусу абзел;
- үй тапшырмасынын мүнөзү окуучу аны аткаруу үчүн белгилүү бир билгичтиктер менен көндүмдөргө ээ экендигин болжоого тийиш;
- үй тапшырмасынан мурда дыкат даярдык болуусу кажет, ага үй тапшырмасынын максатын, аны аткаруунун ыктары менен ыкмаларын, иш-аракеттердин удаалаштыгын, өзүн текшерүүнүн зарыл ыкмаларын түшүндүрүү кирет;
- үй тапшырмасы ар түрдүү эскерткичтердин, көрсөтмөлөрдүн жардамы менен түздөн-түз же кыйыр жетекчиликти талап кылат;
- үй тапшырмасы сөзсүз аны аткаруунун тууралыгын текшерүү этабы менен бүтүүсү абзел, бирок сөзсүз эле мугалимдин эмес, бул өзү текшерүү да, өз ара текшерүү да боло алат.

Төмөнкүлөрдү жасоого болбойт:

1. Үй тапшырмаларынын көлөмүн ашырып жиберүү;
2. Үй тапшырмасы менен жазалоо;
3. Үй тапшырмасын конгуроо кагылганда түшүндурүүсүз берүү;
4. Окулуп-үйрөнүлбөгөн темалар боюнча үй тапшырмаларын сунуштоо;
5. Майрам, де малыш, каникул күндөрүнө үй тапшырмаларын берүү;
6. Окуучуга жаңы материалды өз алдынча окуп-үйрөнүүнү жүктөө;
7. Абдан көп үй тапшырмаларын сунуштоо;
8. Окуучуларга үй тапшырмаларынын мурда белгисиз формаларын кошумча түшүндүрүүсүз берүү;
9. Түшүнүксүз үй тапшырмаларын берүү.

Үй тапшырмасын уюштуруудагы дидактикалык принциптер:

- максатка багытталгандык принциби;
- илимийлүүлүк принциби;
- окутуунун турмуш менен байланышы принциби;
- тутумдуулук жана удаалаштык принциби;
- аң-сезимдүүлүк жана активдүүлүк принциби;
- окутуунун көрсөтмөлүүлүгү принциби;
- кызыкчылыктардын жеткиликтүүлүгү принциби;
- интеграцияланган мамиле принциби;
- тарбиялоочу жана өнүктүрүүчү окутуу принциби;
- бекемдик принциби.

Окутуучу ушул принциптерди эске алуусу жана аларды сабакта, үй тапшырмасында активдүү колдонуусу зарыл. Алардын башкы талаптары төмөнкүлөр:

- алынган билимдерди турмушта, окууда кайсыл жерде, качан жана кантип колдонууга болот деген суроого жооп алуу;
- фактылардын, көрүнүштөрдүн, мыйзам ченемдүүлүктөрдүн ишенчиликтүүлүгү, практикалык тыянактардын илимий аргументациясы;
- окуучуларда илимий ой жүгүртүүнү, алынган билимдерди үй тапшырмасын аткарууда өз алдынча колдонуу билгичтигин өнүктүрүү;
- көрсөтмөлүү үй тапшырмаларын тариздөөгө карата талаптарды сактоо;
- өз алдынчалыкты, демилгелүүлүктү, чыгармачылыкты өнүктүрүү;
- мекенчилдик, жарандуулук, гумандуулук, интеллигенттүүлүк сезимдерин тарбиялоо, маданий жүрүм-турумдун көндүмдөрүн калыптандыруу;
- чыгармачылык күчтөрдү жана таанып билүүчүлүк жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү;
- алынган билимдерди практикада колдонуу билгичтиктерин калыптандыруу.

Мамлекеттик стандарттын талаптарын ишке ашыруу шарттарында педагогикалык технологиялар көбүрөөк актуалдуу болуп калышат.

1-жадыбал. Педагогикалык технологиялар.

| К№ | Педагогикалык технологиялар | Жетишилүүчү натыйжалар |
|---|---|---|
| 1. | Маалыматтык-коммуникациялык технология. | Окуучулардын таанып билүүчүлүк ишмердүүлүгүн активдештирүү үчүн колдонулат. |
| 2. | Кырдаалдарды моделдөө. | Сунушталган конкреттүү кырдаалдагы өзүнүн жүрүм-турумун түшүндүрүүгө жөндөмдүүлүк, ал окуучуларда заманга ылайык билимдерди калыптандырууга багытталган чечимди кабыл алууга таасир кылат. |
| 3. | Долбоорлук технология. | Иштин өз алдынча формасына даярлык, кызматташтыкка умтулуу, окуучулардын предмет боюнча өз алдынча билим алууга болгон кызыкчылыктарын ойготууга жардамдашат. |
| 4. | Окуу-таанып билүүчүлүк, долбоорлук, изилдөөчүлүк, имиттациялык оюнду колдонуу. | Мындай оюндар предмет боюнча ар түрдүү темаларды окуп-үйрөнүүдө майнаптуу болот. |
| 5. | Кейс-технология. | Бул технология сунушталган ойдон чыгарылган же чыныгы кырдаалдардын негизинде кыска мөөнөттүү окутуу үчүн колдонулат. |
| 6. | Түрдүү деңгээлдүү окутуу. | Ар бир окуучунун, ошондой эле ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдардын жана майыптардын жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө түрткү болот. |
| 7. | Кызматташтыкта окутуу (командалык, топтук иш). | Окуучулар бир типтүү дагы, өдагы үй тапшырмаларын аткара алышат. |

Ушуга ылайык учурда аталган педагогикалык технологияларга байланышкан үй тапшырмаларын аткарттыруу актуалдуулукка ээ болуп жатат. Демек, үй тапшырмаларынын формасы менен маз-

муну өзгөрөт, бирок анын кызматы – сабакта алынган билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү кайталоо, бышыктоо, бекемдөө ар дайым кала берет деген тыянакка келүүгө болот.

**Адабияттар:**


1. Гальперин П. Я., Кабыльницкая С. Л Методика изучения уровня внимания / Альманах психологических тестов. – М., 1995. – с.119.
2. Гальперин П. Я. Методы обучения и умственного развития ребенка. – М.: Просвещение, – 1985. – 482 с.
3. Пидкасистый И. П. Педагогика. – М.: Просвещение, 2001. – 536 с.